***ТАРЫХ ИЛИМДЕРИ***
***ИСТОРИЧЕСКИЕ НАУКИ***
***HISTORICAL SCIENCES***

***DOI:10.26104/NNTIK.2022.88.64.018***

*Эсеналиева Г.Ж.*

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН НАРЫН ОБЛУСУНУН ЭЛ АРАЛЫК БАЙЛАНЫШТАРЫ (1991-2000-жж.)

*Эсеналиева Г.Ж.*

## МЕЖДУНАРОДНЫЕ СВЯЗИ НАРЫНСКОЙ ОБЛАСТИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ (1991-2000 гг.)

***G. Esenalieva***

## INTERNATIONAL RELATIONS OF THE NARYN REGION OF THE KYRGYZ REPUBLIC (1991-2000)

*УДК: 94.374.2*

*Макалада Нарын облусунун экономикасын көтөрүү аркылуу, калкынын жашоо деңгээлин жогорулатуу, илимий-техникалык, маданий, билим берүү, саламаттыкты сактоо жана башка бардык багыттарды көтөрүү үчүн 1991-ж. башында башталган Нарын облусунун тышкы байланыштарынын өнүгүшү, чет өлкөлүк уюмдар менен болгон өз ара кызматташуусу изилденет. Жыйынтыгында, жалпы эл аралык мамиледе чет өлкөлүк жана эл аралык уюмдар менен кызматташуусунун натыйжасында Нарын областынын тышкы байланыштарынын калыптануусу жана жетишкендиктери, жергиликтүү бийлик өкүлдөрү жана тийиштүү уюмдар тарабынан облустун чарбасынын негизги багыттарын өнүктүрүүгө, рынок шартына жараша экономиканы кайра түзүүгө, элдин жашоо деңгээлин туруктуу жогорулатууга алгылыктуу кадамдар жасалгандыгы, архивдик материалдар жана тарыхый факторлор аркылуу изилденди.*

***Негизги сөздөр:*** *интеграциялоо, тенденция, инвестиция, экономика, рынок мамилелери, коопсуздук, инновация, технология, грант, проект.*

*В статье рассматривается вопрос о реформировании экономики Нарынской области, повышении уровня жизни населения, разработке научно-технических, культурных, образовательных, медицинских и других направлений в 1991 году. Будет изучено развитие внешних связей Нарынской области, сотрудничество иностранных государств с зарубежными организациями. В результате, в результате сотрудничества с зарубежными странами и международными организациями в общих международных отношениях формирование и достижения внешнеэкономических связей Нарынской области, местных органов власти и соответствующих организаций являются приемлемыми шагами по развитию основных направлений экономики региона, по структурной перестройке экономику в соответствии с рыночными условиями и постоянно повышать жизненный уровень народа, исследуя архивные материалы и исторические факторы.*

***Ключевые слова****: интеграция, тенденции, инвестиции, экономика, рыночные отношения, безопасность, инновации, технологии, гранты, проекты.*

*The article deals with the issue of reforming the economy of the Naryn region, improving the standard of living of the population, developing scientific, technical, cultural, educational, medical and other areas in 1991 and development of external relations of the Naryn region, cooperation of foreign states with foreign organizations will be studied at the beginning. As a result, as a result of cooperation with foreign countries and international organizations in general international relations, the formation and achievements of Naryn region's external relations, local authorities and relevant organizations are acceptable steps to develop the main areas of the region's economy, restructure the economy according to market conditions, and to permanently raise the standard of living of the people researched through archival materials and historical factors.*

***Key words:*** *integration, trends, investments, economy, market relations, security, innovations, technologies, grants, projects.*

Кыргызстан азаттыкка ээ болгондон жылдардан баштап эл аралык мамилелерге өз алдынча катышууга, өз алдынча саясат жүргүзүүгө мүмкүнчүлүк алган. Кыргызстан тышкы саясатынын алкагында эң биринчилерден болуп өлкөнүн жарандарынын кызыкчылыгын, коопсуздугун сактоого, укуктарын коргоого, ошондой эле эл аралык мамилелерде өлкөнүн оң имиджин бекемдөө үчүн жагымдуу шарттарды түзүүгө жана сактоого багытталды.

Кыргызстандын ири чөлкөмдөрүнүн бири – Нарын облусу өзүнүн экономикалык негизине, өндүрүштүк мүмкүнчүлүктөрүнө жараша мамлекеттин тышкы саясатын иш жүзүнө ашырууга жигердүү катыша баштаган. Нарын облусттук мамлекеттик администрациясынын негизги келечектүү максаты – экономикалык өсүүгө демилге жаратуу аркылуу, облустун экспорттук кудуретин натыйжалуу пайдалануу, дүйнөлүк рынокто атаандаштыкка туруштук берүүчү продукцияны камсыздоо жана аны менен экономикалык негизин чыңдоо болуп саналат. Азыркы учурда дүйнөдө болуп жаткан илимий техникалык прогрesстин, эл аралык интеграциялоонун жүрүшүндө чет өлкөлөр жана эл аралык уюмдар менен кызматташуусунун натыйжасында Нарын областынын тышкы байланыштарынын калыптанышын, өнүгүүсүн аныктоо

актуалдуу маселердин бири болууда.

Эл аралык байланыштардын алгылыктуу натыйжаларга ээ болуусунда мамлекеттик эле деңгээлде эмес, өлкөнүн аймактарынын, экономикалык чарбаларынын да кызматташтык мамилелеринин түзүлүшү маанилүү экендиги аныкталган. Кыргыз Республикасынын тышкы саясатынын алкагында, жергиликтүү аймактарына тышкы экономикалык байланыштарга жигердүү катышып, жергиликтүү өзгөчөлүктөрүнө жараша иш алып баруусуна мүмкүнчүлүк берилген.

Нарын облусу Улуу Жибек жолундагы маанилүү чөлкөм катары орун алган. Бүгүнкү күндө да сооданын, маданияттын, илимдин, билимдин борбору болуп саналат. Ошону менен бирге өтө курч, маанилүү болуп жаткан «диний экстремизм», «терроризм», «баңгилик» сыяктуу көйгөйлүү маселелер жана дүйнөлүк коомчулукту кооптондурган коронавирус оорусу да бул аймакка түздөн-түз таасирин тийгизбей койгон жок. Мамлекеттин түндүк чек араларын бекемдөө жана кошуна жайгашкан өлкөлөр менен тыгыз кызматташтык байланыштарын түзүү маселелери турат. Мамлекетибиздин демократиялык багытта өнүгүшүндөгү Нарын облусунун орду жөнүндөгү маалыматтардын коомчулуктун көңүлүндө болушун учур талап кылууда.

Нарындын совет доорундагы тарыхын чагылдырган бир топ илимий эмгектер бар. Ал эми соңку мезгилдеги, эгемендүүлүк жылдарындагы тарыхын кенен иликтөөгө алына элек. Ошондуктан, бул макала алгачкы изилдөөлөрдүн бири экендигин баса белгилейбиз.

Кыргыз тарыхнаамесинде бул жараянды иликтөө зарылчылыгы да пайда болгон. Анын натыйжасында Кыргыз Республикасынын тышкы саясатынын түрдүү аспектилерин изилдешкен ата-мекендик окумуштуулардын монографиялары жарык көргөн. Алардын катарына Каана Айдаркул, У.Чотонов, К.Токтомушев, М.Иманалиев, А.Джекшенкулов, Н.Момошева, М.Омарованы ж.б., атоого болот.

А.Джекшенкулов, К.Токтомушев, М.Иманалиевдердин эмгектеринде Кыргызстандын тышкы саясатынын калыптануусунун түрдүү мезгилдеринин анык болгон фактылары чагылдырылган. Н.Омаров эл аралык мамилелер тутумунун эволюциясын, интеграциялык процесстеги Кыргызстандын тышкы саясатынын актуалдуу маселелерин талдоого алган. Ал эми Н.Момошева Кыргызстандын 1991-2001-жж. тышкы саясатынын калыптануу этабын иликтеп, анын алгылыктуу багыттарын сунуш кылган. Кыргызстандын маданият, билим берүү чөйрөлөрүндөгү эл аралык байланыштарын профессор т.и.д., Ө.Осмонов совет доорундагы жана эгемендүүлүктүн алгачкы жылдарындагы абалын изилдөөгө алган [1].

Жогоруда айтылгандай экономикалык өсүүгө демилге жаратуу үчүн Кыргызстан эгемендүүлүккө ээ болгондон кийин Нарын облусунда жигердүү иштер башталып эл аралык келишимдер түзүлө баштаган. Өз ара кызматташуу келишимдерин түзүүдө соода-экономикалык, өндүрүштүк, илимий-техникалык, маданий, билим-берүү, саламаттыкты сактоо, айыл чарба жана башка багыттарда кызматташуу меселелери эске алынган. Эң башкысы экономиканы көтөрүү аркылуу, облустун бүткүл инфраструктурасын, калкынын жашоо деңгээлин жогорулатуу, бардык багыттарды өнүктүрүү меселелерин чечүү белгиленген. 1992-1993 жылдары Миң-Куш шаарчасында тери сырьелорун иштетүү боюнча 3,9 млн рубльдук цехтин жабдуулары монтаждалган, Кочкор айылында жүндү алгач иштетүүчү цехтин курулушу бүткөрүлгөн. Мезгилинде оор абалдан чыгуунун негизги максаттарынын бири облуста жылына 3 миң тонна жүндү жууп, ийре турган ишкана куруу боюнча Германиянын Гамбург шаарындагы «Консертекс» фирмасы менен келишим түзүлүп, ишкананын проектисининин баасы 21,7 миллион немецтик марка турган келишим түзүлгөн.[2] Чет мамлекеттер менен байланыш жүргүзүлүп, эт комбинаты – Түркия, тигүү фабрикасы – Кытай менен байланыш жүргүзүшкөн [3]. Жүндү алгачкы иштетүүдөн өткөрүү менен кездеме токуу боюнча «Чолпон» Кыргыз-Герман Нарын шаарындагы кичи ишканасына 4,5 млн немецтик марка. Нарын шаарындагы «Ак-Мөөр» кыргыз-кытай чакан ишканасына пакет чыгаруу үчүн 1 млн сом. Мындан сырткары Миң-Куштагы «Оргтехника» заводу, «Теңир-Тоо» заводу, «Ак-Улак» ишканалары иштеп турган [4].

Кытай Эл Республикасы менен Кыргыз Республикасынын тышкы экономикалык байланышынын кеңейишинин, өнүгүүсүнүн, чек арадагы соода-сатыктын тереңдешинин натыйжасында «Торугарт» текшерип өткөрүүчү пунктунан товар жүгүрүүсү жана пассажир каттамы көбөйгөн.[5] 1994-1995-жж. облустун элине өсүмдүк майы, күйүүчү майлар ташылып келип турган. Бирок кийинки учурда Нарын облусу аркылуу Кытай Эл Республикасынан ар кандай ишкана, фирмалар, жеке адамдар чоң өлчөмдөгү сапаты белгисиз товарларды, айрыкча спирт жана спирттик ичимдиктерди алып өтүүшү кескин көбөйгөн. 1999-ж. Кытай Эл Республикасынын Үрүмчү шаарында өткөрүлүүчү Эл аралык ярмаркага жана Синь-Цянь уйгур автономиялуу Республикасы менен экономикалык байланыштар боюнча келишимдерди түзүүгө катышып келүү үчүн облустук финансы башкармалыгынын акими командировкага жиберилген.

Нарын облусу Кыргызстандын тоолуу, ири облустарынын бири болгодуктан өлкөнүн суу запастарынын көпчүлүгүн ээлеп узак саякаттар үчүн идеал-

дуу болуп туристтерге жакшы таасирин тийгизип, кызыгуусун арттыраары талашсыз. Ошондуктан туризмди өнүктүрүү иштери да жүргүзүлүп, туризм боюнча компаниясынын коллегиясынын курамына анын генералдык директору, жетекчи кызматкерлери кирген 5 адамдан турган коллегиясы түзүлөт [6]. 1992-жылы 8-июньда Кытай Эл Республикасына туризм мамилелерин өркүндөтүү боюнча келишим түзүү үчүн Нарын облустук акимдигинин делегациясы барып келишкен. [7] Нарын облусунан баруучу делегациянын курамына: К.Ж. Ашыралиев - Нарын облустук мамлекеттик акимдигинин башчысы, О.А. Бектуров – Нарын шаардык мамлекеттик акимдигинин башчысы, М.А. Эсеналиев – Нарын облустук керек-жарак коомдор союзунун башкармасынын акими, К. Куленбеков – Тянь-Шань райондук коопромхозунун директору, А. Жоодатбеков – Кочкор районунун Кочкор-Ата колхозунун башкармасынын төрагасы, М.Бектурганов - Ат-Башы районунун мамлекеттик акимдигинин башчысынын биринчи орун басары киришкен [8].

Республикада электрондук техниканы өнүктүрүү, Нарын облусуна тийиштүү таза вакуумдук технологияны түзүү менен «Теңир-Тоо» филиалын өнүктүрүү максатында Германиянын «Дженерал Электрик» фирмасы менен келишим түзү үчүн делегация (9.10. 1992-ж) барып келишкен. Москва облусуна Нарын облустук телерадио кызматына байланышкан иштер боюнча облустук өндүрүштүк байланыш бирикмесинин акими И.Садыков, облустук телекөрсөтүү жана радио уктуруу компаниясынын төрагасы В.Карпеков, облустук фельдъегерлик кызматынын акими А.Мамбетов (15.09.1992-ж.) барып келишкен.

Эгемендүүлүктүн алгачкы жылдарында эле Кыргыз Республикасында билим берүү маанилүү мамлекеттик маселе катары аныкталган. Коомдун турмушундагы ири социалдык-экономикалык өзгөрүүлөр мектепке чейинки билим берүү жана жалпы билим берүүчү мектептерге да таасирин тийгизбей койгон жок [9]. Билим берүүнүн маанилүү тармагы болуп кесиптик-техникалык билим берүү эсептелинет. Изилдөөдө, рыноктук мамилеге өтүү мезгилинде кесиптик билим берүүнүн өнүгүүсүнө чет өлкөлүк адистер жана чет өлкөлүк уюмдар менен кызматташуу да жакшы жардам бергендиги көрсөтүлгөн. 2001-жылдан бери Нарын облусунун кесиптик окуу жайларында «Хелветас» Швецариялык эл аралык кызматташуу ассоциясынын колдоосу менен «Айылдык кесиптик билим берүү» долбоору 7 кесиптик окуу жайларында «фермер» жана «фермер айым» кесиптерине окутуу жүргүзүлгөн. «Хельветас» Айылдык кесиптик билим берүү долбоору менен биргелешип иштешүүдө кесиптик окуу жайларынын теориялык жана практикалык окууларына жана инфраструктуралар түзүлүп, инновациялык методдор киргизилип, республикада Нарын облусунун кесиптик-техникалык билим берүү системасы жакшы жетишкендиктерге ээ болгон [10]. Билим берүүнү жакшыртуу максатында 1996-1999-жж. «Сорос» фондусу тарабынан Нарын шаарындагы В.Чкалов атындагы орто мектебинде англис жана орус тилдерин тереңдетип окутуу боюнча атайын борбор ачылып видео, аудио аппараттар келген. Ошондой эле 1999-жылы «Мээрим», «Сорос» фондусу Ж. Боогачы, В.Карпеков, Т.Турусбеков атындагы мектептерге акыркы муундагы компьютерлер, электрондук эсептегич машиналар, китептер, ар түрдүү электрондук каражаттар менен камсыз кылган. Мындан сырткары чет мамлекеттерден АКШ, Япония, Түркия, Турция менен кызматташтык байланыштары түзүлгөн. 1994-жылы 16-мартта Облуста Кыргыз-Түрк лицейи ачылган.

1992-ж. Иран Ислам Республикасы жана Пакистан менен Кыргызстандын ортосундагы дипломатиялык мамилелери түзүлгөндөн кийин, экономика жана маданият тармактарында кызматташуу башталган [11].

Нарын облусунун аймагында жашаган энелердин, балдардын ден соолугуна кам көрүү, аларга ар тараптан гуманитардык жардам көрсөтүү максатында Нарын облусунун мамлекеттик администрациясынын алкагында ЮНИСЕФтин кемитети түзүлүп жана анын курамы бекитилген. Кыргыз Республикасынын Президентинин 1992-жылдын 22-июнундагы «Кыргызстандын Кызыл Крест жана Кызыл Жарым Ай коому жөнүндө» Указына ылайык Кызыл Крест жана Кызыл Жарым Ай Эл аралык кыймылынын принциптеринин негизинде Нарын облустук Кызыл Жарым Ай коому облустун аймагында тынчтыктын, гумандуулуктун жана элдер менен адамдардын ортосунда өз ара боорукерликтин жана кайрымдуулуктун идеалдарын таратуу максатында аракеттенген бирден-бир көз каранды эмес ыктыярдуу коомдук уюм катары таанылып элге жардамдарын берип келет.

1-март 1996-жылы калктын оокаты тартыш, жалгыз бой, каралашаары жок, кары-картаңдарга, эң төмөнкү пенсия алып, начар жашагандарга жана жардамга өтө муктаж облустан 4452 адамга гуманитардык жардам көрсөтүү максатында таратылып берилген. Ак-Талаа району - 668, Ат-Башы району - 668, Жумгал району - 890, Кочкор району - 890, Нарын району - 1336 [12].

Бул берилген гуманитардык жардам менен токтоп калбастан Кызыл Крест жана Кызыл Жарым Ай Эл аралык коому азыркы учурга чейин элге ар кандай кайрымдуулук иштерин жүргүзүп келет.

Жүргүзүлүп жаткан иштерге карабастан «Нарын курулуш материалдары», Нарындагы темир бетон буюмдарын чыгаруучу завод, Миң-Куштагы «Оргтехника» заводу, Ат-Башы кирпич заводу мурунку жылдарга салыштырмалуу өндүрүштүн көлөмүн 32-

68 пайызга азайтып жиберишкен [13].

1996-жылдан тартып Япониянын Өкмөтү тарабынан айыл чарбаны колдоо максатында грант түрүндө 281 млн. сом Кыргыз Республикасына берилген, анын ичинде 126 млн. сом Нарын облусуна бөлүнгөн. [14] Япония грантынын эсебинен алынган 10 МТЗ-80, 13 Т-30, А-80, 6 НИВА комбайны, 2 үрөөн тазалагыч, 2 дан сеялкасы негизинен айылдык товар өндүрүүчүлөрдүн колуна тийген жана сапаттуу пайдаланылган. 1999-жылы Ат-Башы, Кочкор райондорунун мамлекеттик администрациясы «Кой чарбасын өнүктүрүү» долбооруна ылайык Австралиядан кочкорлор жана токтулар сатылып алынган. Турциянын «Хекташ» фирмасы менен райондордун чарбаларын өнүктүрүү максатында дан эгиндерин дарылоого «Витовакс» дарылары алынган. Облустук Союз, райондук айыл чарба ассоциациялары Шериктеш Көзкарандысыз Мамлекеттер, чет өлкөлөр менен кызматташтык мамилелерди өркүндөтүү максаттарын коюшкан.

Кыргыз Республикасынын Президентинин «1999-жылы саламаттыкты сактоо жылы» деп жарыялоо жөнүндөгү указын, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 1999-жылы 4-февралдагы №71 токтому менен бекитилгендиктен облуста иш чаралар өткөрүлгөн. Алардан сырткары дары-дармек, медициналык аппаратуралар менен камсыз кылуу багытында бюджеттен сырткары ЮНИСЕФ, ЮНФПА, «Фармацевты без границ», Кызыл Крест жана Кызыл Жарым Ай, Немецкий грант, «Каунтерпарт», «Фонд Сорос», Мээрим жана башка эл аралык коомдор тарабынан 7 млн. 500 миң сомдук гуманитардык жардамдар алынган. Бирок облуска келген насыя каражаттарын максаттуу пайдаланып, анын кайтарымын алууда кыйынчылыктар жаралган [15].

Изилденип жаткан 1991-2000-жылдар аралыгында кээ бир ишкана, фирмалардын аткарган иштеринде солгундоолор байкалып тагыраак айтканда өндүрүштүн көлөмү азайып жетекчилерине эскертүүлөр берилип турган.

Нарын облусуна чет элдик инвестицияларды, насыялык каражаттарды, чет элдик башкаруу тажрыйбасын тартууга жагымдуу шарттарды түзүү максатында программалар иштеле баштаган.

Жыйынтыгында, жалпы эл аралык мамиледе чет өлкөлүк жана эл аралык уюмдар менен кызматташуусунун натыйжасында Нарын областынын тышкы байланыштарынын калыптануусу жана жетишкендиктери, жергиликтүү бийлик өкүлдөрү жана тийиштүү уюмдар тарабынан облустун чарбасынын негизги багыттарын өнүктүрүүгө, рынок шартына жараша экономиканы кайра түзүүгө, элдин жашоо деңгээлин туруктуу жогорулатууга алгылыктуу кадамдар жасалгандыгы, архивдик материалдар жана тарыхый факторлор аркылуу изилденди.

**Адабияттар:**

1. Султанова А.Т. Кыргыз Республикасынын Ош облусунун эл аралык байланыштары (1991-2011-жж.). Б., 2015-ж. - 4 с.
2. Нарын облустук мамлекеттик архиви 1992-1993-жж.
3. Нарын облустук мамлекеттик архиви. - Фонд 664 оп.1 сб-4.-11-б.
4. Нарын облустук мамлекеттик архиви. - Фонд 664 оп.1 сб-19. 20-б.
5. Нарын облустук мамлекеттик архиви. - Фонд 664 оп.1 сб-6.-30-б.
6. Нарын облустук мамлекеттик архиви. - Фонд 664 оп.1 сб-5. -40-б.
7. Нарын облустук мамлекеттик архиви. - Фонд 664 оп.1 сб-6.-12-б.
8. Нарын облустук мамлекеттик архиви. - Фонд 664 оп.1 сб-6.-11-б.
9. Бектемирова А.К. Нарын облусунун социалдык-экономикалык турмушу. (1991-2005-жж.). - Б., 2009. - 14 с.
10. Бектемирова А.К. Нарын облусунун социалдык-экономикалык турмушу. (1991-2005-жж.) Б., 2009. - 14 с.
11. Нарын облустук мамлекеттик архиви. 1992-1993-жж.
12. Нарын облустук мамлекеттик архиви. 1996-ж.
13. Нарын облустук мамлекеттик архиви. 1996-1997-ж
14. Нарын облустук мамлекеттик архиви. 4.03.1999-ж.
15. Нарын облустук мамлекеттик архиви. 1999-ж.